2.5. Жалпы билим берүү мекеме мыйзамда каралган бардык жарандык-укуктук бүтүмдөрдү жүргүзүүгө, сотто доогер жана жоопкер болууга жана башка укуктарга, милдеттерге укуктуу.
2.6. Жалпы билим берүү мекеменин ишмердиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген учурларда жана тартипте аттестациялынат.
2.7. Уюштуруучулар жалпы билим берүү мекеменин милдеттери үчүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, тартибинде жана чегинде жооп тартат.

## III. Жалпы билим берүү мекеменин предмети жана ишинин максаттары

3.1.Жалпы билим берүү мекеменин билим берүү программаларын милдеттүү минималдуу мазмунун өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын жалпы маданий инсандыгын калыптандыруу болуп, коомдогу жашоого калыптануусун, туура тандоосунун жана кесиптик билим берүү программаларынын жана жарандык билим берүү боюнча андан аркы өнүгүшүнө негиз болуп саналат.
3.2.Жалпы билим берүү мекемесинин ишмердиги предмети башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларынын иш жүзүно ашыруу болуп саналат.

## IV. Иштин негизги принциптери

4.1. Жалпы билим берүү мекеменин иштешинин негизги принциптери:
- сапаттуу билим алууга Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктарын теңдиги;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруу;
- билим берүүнүн эффективдүү системасын түзүү;
- жалпы билим берүү мекеменин каржылык автономиясына кам көрүү;
- мамлекеттик каржылык ресурстарын рационалдуу колдонуу;
- ырааттуулугу жана билим берүү жараянынын үзгүлтүксүздүгү;
- мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларда башталгыч жана негизги билимди, жалпы орто билимди ар бир жарандын милдеттүү жана акысыз алышы;
- акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү үчүн жана башка кызматтары үчүн, өзүнчө балансга эсептелинген кирешелерди өз эрки менен берилген кирешелерди тескөө;
- жалпы билим берүү мекемесинин баардык каржы ишинин үстүнөн жалпы мамлекеттик көзөмөл үчүн ачыктык жана жеткиликтүүлүгү.

## V. Укуктар жана милдеттер

5.1. Жалпы билим берүү мекемеси өзүнүн функцияларын иш жүзүнө ашырууда маселелерин чечүүдө төмөнкү укуктарга ээ:
- чыгымдардын сметасын өз алдынча иштеп чыгуу менен бекитүүгө, ошого жараша аларды өзгөртүүгө;
- өздөрүнүн материалдык-техникалык, каржылык жана адам ресурстарын өз алдынча пайдаланууга;
- билим берүү мекемелеринин иш-аракеттерин жөнгө салуучу мыйзамдын талаптарына ылайык билим берүү процессин уюштурууга;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү программаларынын негизинде иштеп чыгуу, кабыл алуу жана окутуучу программаларды ишке ашыруу;